**“Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 “Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмегин) бекитүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтом долбооруна негиздеме-маалымкат**

**1. Максаты жана милдети**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин ушул токтом долбоору менен “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 “Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмегин) бекитүү жөнүндө” токтомуна (мындан ары- Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү бирдиктүү реестри) өзгөртүүлөрдү киргизүү каралууда.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун ушул долбоору 2021-жылдын 12-октябрындагы №425 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин түзүмү жана курамы жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын түзүмү жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруусуна санариптик технологияларды киргизүүнү активдештирүү боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө” 2020-жылдын 17-декабрында №64 жана “Калкка мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана сапатын жогорулатуу боюнча мындан аркы чаралар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктарын ишке ашыруу максатында иштелип чыкты, 2021-жылдын 8-февралындагы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майындагы №191-б буйругу менен түзүлгөн мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү системасын оптималдаштыруу боюнча Ведомстволор аралык комиссиянын сунуштарын аткаруу үчүн (2022-жылдын 23-ноябрындагы №60 Протокол).

**2. Баяндоо бөлүгү**

**1)** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-июлундагы №381 “Кыргыз Республикасынын жарандык авиациясын башкаруу системасын өркүндөтүү жөнүндө” токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин алдындагы Жарандык авиация департаменти Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттиги (мындан ары-ЖАМА) болуп кайра түзүлгөн жана ЖАМАнын башкаруу схемасына И.Абдраимов атындагы Кыргыз авиациялык институту киргизилген.

Бүгүнкү күндө И.Абдраимов атындагы Кыргыз авиациялык институту мамлекеттик билим берүү кызматтарын көрсөтүүдө.

Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине ылайык бул кызматтарды көрсөтүүчү мамлекеттик орган катары Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жол министрлиги (ТЖМ) көрсөтүлгөн.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, аталган ченемдик укуктук актыларды шайкеш келтирүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 токтому менен бекитилген Аткаруу бийлик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмдөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине (тизмесине) мамлекеттик кызмат көрсөтүүчү мамлекеттик органдын жана "Билим берүүчү жана маданий тейлөөлөр" 1-главасынын 38-1, 41, 42, 43, 44, 47, 48, 49, 51, 60, 61, 62, 65,118 119-пункттарындагы мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү стандартташтырууга жооптуу мамлекеттик органдын аббревиатурасы бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүүнү суранабыз жана "ТЖМ" деген аббревиатуралар "ЖАМА" деген аббревиатуралар менен алмаштырылсын.

**2)** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттиктин окуу борбору жөнүндө" 2022-жылдын 27-сентябрындагы №540 токтомуна ылайык Окуу борбору жөнүндө жобо (мындан ары-Жобо) бекитилген. Жобонун 11-пунктунун 1-пунктчасына ылайык окуу борборунун негизги милдети жарандардын, мамлекеттик башкаруу секторунун, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин жана жеке маалыматтар массивин кармоочулардын (ээлеринин) кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу жолу менен жеке маалыматтарды коргоо чөйрөсүндө кошумча билим берүү программаларын ишке ашыруу болуп саналат.

"Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жеке маалыматтар массивин кармоочулар (ээлери) болуп жеке маалыматтардын максаттарын, категорияларын аныктаган жана жогоруда аталган Мыйзамга ылайык жеке маалыматтарды чогултууну, сактоону, иштетүүнү жана пайдаланууну көзөмөлдөгөн юридикалык жактар да саналат.

Окуу борбору жеке маалыматтар массивин кармоочулардын (ээлеринин) жеке маалыматтар массивинин сакталышына, ошондой эле жеке маалыматтарды иштетүүнү чогултууну, сактоону укуктук, уюштуруучулук техникалык жактан камсыз кылууга жооптуу квалификациялуу кызматкерлерге болгон муктаждыктарын камсыздайт.

Мындан тышкары, ар бир уюмда жеке маалыматтарды коргоо маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызматкердин болушу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы №760 токтому менен бекитилген жеке маалыматтардын корголушунун белгиленген деңгээлин камсыз кылган, аларды жеке маалыматтардын маалымат тутумдарында иштетүүдө жеке маалыматтардын коопсуздугун жана корголушун камсыз кылуу талаптары менен белгиленет.

Агенттик тарабынан 2022-жылдын июнь айынан октябрь айына чейин 17 окутуучу тренинг өткөрүлгөн, анда 450гө жакын адам окутуудан өткөн, мамлекеттик органдардын, коммерциялык түзүмдөрдүн жана жарандардын арасында кызматкерлерди даярдоо боюнча окуу борборунун кызматтары суроо-талапка ээ болоорун жана жеке маалыматтарды коргоо жана киберкоопсуздук жаатында билим алууну каалагандардын саны өсөөрүн көрсөткөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы №334 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында Билим берүү ишин лицензиялоо тартиби жөнүндө убактылуу жобонун талаптарына жараша көчмө окутуу иш-чараларын уюштурууга жана кадрдык чыгымдарды кыскартуунун институционалдык деңгээлин жогорулатуу максатында Окуу борборунун окуу аудиторияларында кызмат көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен Окуу борборунда окутууну акы төлөнүүчү негизде жана анын жайгашкан жери боюнча өткөрүү сунушталат.

**3)** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 9-мартындагы №84 “Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин маселелери жөнүндө” токтомуна ылайык Коргоо министрлиги Кыргыз Республикасынын Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитетинин укук улантуучусу болуп саналат, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн аталган токтомуна шайкеш келтирүү максатында бул долбоор менен “Медициналык тейлөөлөр” 2-главасында 1-пунктунда жана “Каттоо, маалымат кат, күбөлүк жана башка документтерди, ошондой эле алардын көчүрмөлөрүн жана дубликаттарын берүү тейлөөлөр” 4-главасында 8 жана 9-пункттарында “Коргоо комитети” аббревиатурасы “КМ” аббревиатурасына алмаштыруу сунушталат.

**4)** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 17-майындагы “Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы жөнүндө” Жарлыгына ылайык Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн Иш башкармасы Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы деп кайра аталган, долбоор менен “Билим берүүчү жана маданий тейлөөлөр” 1-главада 27, 28, 29, 30, 31, 32, 33, 34, 35, 36, 37, 38, 39-пункттарда “Мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн аталышы” графасындагы “Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн Иш башкармасы” деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасы” деген сөздөргө алмаштыруу сунушталат, ошондой эле бүткүл текст боюнча аббревиатуралар жогоруда аталган Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына шайкеш келтирилсин.

**5)** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 17-декабрындагы №319 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин алдындагы Жарандарды чет өлкөлөрдө ишке орноштуруу Борбору жөнүндө жобого ылайык.

Жогоруда аталган долбоор Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №392 “Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыз кылуу жана миграция министрлигинин уюштуруу маселелери жөнүндө” токтомуна шайкеш келтирүү максатында иштелип чыккан, аны менен Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигине караштуу Тышкы миграция департаменти Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыз кылуу жана миграция министрлигине кошулуу жолу менен, жүктөлгөн функцияларды, тийиштүү штатты, финансылык жана материалдык-техникалык каражаттарды өткөрүп берүү менен кайра түзүлгөн.

Жогоруда аталган токтом менен Кыргыз Республикасынын чет өлкөдө кайтыш болгон жарандарынын сөөгүн репатриациялоо боюнча чыгымдарды жабууга бир жолку төлөө функциясы КР ЭСКММ караштуу Чет өлкөдө жарандарды ишке орноштуруу борборуна (мындан ары – Борбор) өткөрүлүп берилди.

Ушундан улам, Борбор чет өлкөдө каза болгон Кыргыз Республикасынын жарандарынын сөөгүн репатриациялоо боюнча чыгымдарды жабууга төлөмдөр боюнча мамлекеттик кызмат көрсөтөт.

Ушул долбоор менен баяндалгандардын негизинде “Социалдык тейлөөлөр” 3-главасында “Чет өлкөдө каза болгон Кыргыз Республикасынын жарандарынын сөөгүн репатриациялоо боюнча чыгымдарды жабууга бир жолку төлөө” 5-пунктунда “Мамлекеттик тейлөөнү стандартташтырууга жооптуу мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган” графасында “ТИМ” аббревиатурасын “ЭСКММ” аббревиатурасына алмаштыруу сунушталат;

“Бул кызматтарды көрсөтүүчү мамлекеттик органдар жана уюмдар” графасы “ЭСКММ” деген аббревиатура менен толукталсын.

**6)** Белгилүү болгондой, Кыргыз Республикасынын улуттук паспорттору жана жарандык абалдын актыларын каттоо жөнүндө күбөлүктөр мамлекеттик маанидеги документтер жана Кыргыз Республикасынын менчиги болуп саналат. Бирок, бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын жарандары бул мамлекеттик маанидеги документтерге тийиштүү түрдө маани бербей жаткандыгы байкалууда.

Мисалы, 2019-жылы 513 278 ID-card жана 507 492 ЖЖП даярдалган, алардын ичинен “жоготуу” жүйөсү боюнча 80 050 жана 20 193, “бузуу” жүйөсү боюнча 1 643 жана 7 489 даярдалган, бул жалпысынан Кыргыз Республикасынын улуттук паспортторунун жалпы санынын 10,7% түзөт.

2020-жылы 412 512 ID-card жана 326 383 ЖЖП даярдалган, алардын ичинен “жоготуу” жүйөсү боюнча 65 518 жана 16 833, “бузуу” жүйөсү боюнча 1 437 жана 4 614 даярдалган, бул жалпысынан Кыргыз Республикасынын улуттук паспортторунун жалпы санынын 11,1%ын түзөт.

2021-жылы 512 535 ID-card жана 429 227 ЖЖП даярдалган, алардын ичинен “жоготуу” жүйөсү боюнча 75 857 жана 23 312, “бузуу” жүйөсү

боюнча 3 118 жана 6 439 даярдалган, бул жалпысынан Кыргыз Республикасынын улуттук паспортторунун жалпы санынын 11% түзөт.

Бул факт ошондой эле айрым адамдар тарабынан өлкөнүн аймагында да, анын чегинен тышкары да жараксыз паспортторду пайдалануу жолу менен Кыргыз Республикасынын имиджине түздөн-түз таасирин тийгизүүдө, алардын ордуна “жоголгон” же “бузулган” себеби менен алынган жарактуу паспорттор бар. Ошондой эле айрым жарандар паспортторун ломбард мекемелерине, соода түйүндөрүнө күрөөгө таштап, документтин маанилүүлүгүн түшүнүшпөйт. Жарандар паспортун жоготуп алышып, бул тууралуу тийиштүү органдарга билдирүүгө убара болушпайт. Ал эми алардын документтерин чабуулчулар колдонушат. Негизинен, укук коргоо органдарынын маалыматы боюнча, каржы тармагындагы ар кандай алдамчылык аракеттер жөнүндө сөз болуп жатат. Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө которуу боюнча бул сунушту “акчалай санкция” катары аныктоого болот жана ал мамлекеттик маанидеги документтерге аяр мамиле кылуу талабын сактоонун эң таасирдүү жолдорунун бири болуп калышы мүмкүн.

Мамлекеттик алымдын төмөн өлчөмү жана айып пулдун жоктугу, ошондой эле калк үчүн кошумча финансылык чыгымдардын болушу токтотуучу таасирге ээ эмес.

Ушундай эле көрүнүш жарандык абалдын актыларын каттоо жөнүндө күбөлүктөрдүн бланктары менен да байкалат. Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын улуттук паспортторунун бланктарынын жана жарандык абалдын актыларын каттоо жөнүндө күбөлүктөрдүн сарпталышына көңүл буруу керек.

Министрликтин мындай демилгени көтөрүп жаткандыгынын себеби- жарандардын өздүгүн тастыктаган документтерге кайдыгер мамилеси.

Бул кызмат көрсөтүүлөрдү акы төлөнүүчү категорияга которуу жарандардын аң-сезимин аталган документтердин баалуулугуна жана маанилүүлүгүнө жана тийиштүү деңгээлде сактоону камсыз кылуу зарылдыгына алмаштырууга мүмкүндүк берет.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде “Каттоо, маалымат кат, күбөлүк жана башка документтерди, ошондой эле алардын көчүрмөлөрүн жана дубликаттарын берүү тейлөөлөр” 4-главада 83-пунктунда жана “Маалымат менен камсыздоо тейлөөлөрү” 6-главада 47, 48, 49, 50, 51, 52, 56-пункттарында “( * )” деген шилтеме белгилерин алып салуу жана “( * ) Эскертүү: “Мамлекеттик алым жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесине ылайык мамлекеттик алым алынат” деген сөздөр алып салынсын.

**7)** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын (мындан ары- ДИМК) 2016-2017-жылдарга бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жана 2018-жылга финансылык аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эки токтомунун карама-каршылыгы аныкталган, буга байланыштуу Кыргыз

Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан 2020-жылдын 26-майындагы №01-23/134 каты менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө бул карама-каршылыкты жоюу сунушталган. Кыргыз Республикасынын Вице-Премьер-министри А.Ж.Исмаилов 2020-жылдын 1-июнундагы №21-20728 тапшырмасы менен ДИМК бул сунуштаманы аткарууга кабыл алууга милдеттендирген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 15-майындагы №301 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын атайын каражаттарын түзүү жана пайдалануу жөнүндө" Жобого ылайык ДИМК диний уюмдарды, миссияларды, чет өлкөлүк жарандарды (миссионерлерди) жана диний окуу жайларды эсептик каттоо/ кайра каттоо түрүндө акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтөт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын сунуштамасын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тапшырмасын аткаруу максатында ДИМК мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмдөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине (тизмесине) төмөнкүдөй мамлекеттик кызматтарды киргизүүнү сунуштайт:

– "Диний уюмдарды эсептик каттоо/ кайра каттоо жөнүндө күбөлүктөрдү берүү" (4-глава, 103-пункт);

– "Чет өлкөлүк диний уюмдардын миссияларын эсептик каттоо/ кайра каттоо жөнүндө күбөлүктөрдү берүү" (4-глава, 104-пункт);

– "Кыргыз Республикасына диний иш жүргүзүү максатында келген чет өлкөлүк жарандарды (миссионерлерди) эсептик каттоо/ кайра каттоо жөнүндө күбөлүктөрдү берүү" (4-глава, 105-пункт);

– "Диний окуу жайларды эсептик каттоо/ кайра каттоо жөнүндө күбөлүктөрдү берүү" (4-глава, 106-пункт);

– "Диний иш жүргүзүү максатында Кыргыз Республикасына келген диний уюмдарды, диний окуу жайларды, диний чет өлкөлүк уюмдардын миссияларын жана чет өлкөлүк жарандарды (миссионерлер) эсептик каттоо жөнүндө күбөлүктөрдүн дубликатын берүү" (4-глава, 107-пункт);

– "Дин таануу экспертизасына корутунду берүү" (4-глава, 108-пункт).

Бүгүнкү күндө диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясат светтик, абийир жана дин тутуу эркиндиги принцибин камсыз кылуу механизмдерин өркүндөтүүнүн, мамлекеттик- конфессиялык кызматташтыкты өнүктүрүүнүн жана диний бирикмелердин ишин жөнгө салуунун негизинде түзүлүүдө.

Кыргыз Республикасында, азыркы учурда, кайрымдуулук иштерин көрсөтүү жолу менен социалдык маанилүү милдеттерди чечүүгө катышкан ар кандай диний бирикмелер өз иштерин жүргүзүп жатышат. Бул практика көрсөткөндөй, диний чөйрө курулуш компанияларын, ЖМКларды жана басмаларды уюштуруу жолу менен коммерциялык ишке айланып, билим берүү курстары ачылып, адеп-ахлак жана маданият маселелери боюнча

масштабдуу иш-чаралар өткөрүлүп, кээде долбоордук иштерди жүзөгө ашырылып, гранттар алынып жатат. Ошол эле учурда бул кызматтар диний уюмдар тарабынан да, жеке адамдар тарабынан да көрсөтүлөрүн белгилейбиз.

Мындан тышкары, диний уюмдардын өкүлдөрү тарабынан миссионерлерди эсептик каттоо/ кайра каттоо жана корутундуларды кыска мөөнөттө берүү боюнча кызматтарды киргизүү боюнча сунуштар киргизилген, бул жагдай ачык-айкындуулук, жеткиликтүүлүк жана бул кызматтын керектөөчүлөрүнө багытталгандык болуп саналат.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттердин божомолдору**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун бул долбоорун кабыл алуу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоочулук, гендердик, экологиялык, коррупциялык терс кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуулоонун жыйынтыктары жөнүндө маалымат**

Бул токтомдун долбоору “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык Президенттин Администрациясынын сайтына жана коомдук талкуулоонун бирдиктүү порталына белгиленген тартипте жайгаштырылат.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкештигин талдоо**

Улуттук жана эл аралык мыйзамдардын ченемдерине жүргүзүлгөн талдоонун натыйжалары боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоорунун ченемдери колдонуудагы мыйзамдардын ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге карама-каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоорун кабыл алуу мамлекеттик бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарды алып келбейт.

**7. Жөнгө салуучу таасирди талдоо жөнүндө маалымат**

Сунушталган долбоор жөнгө салуучу таасирди талдоону талап кылбайт, анткени ишкердик ишти жөнгө салууга багытталган эмес.

**Кыргыз Республикасынын**
**Экономика жана коммерции**
**министри** **Д.Дж.Амангельдиев**